DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Боркошев М.М., Орунбаев Т.А.*

# ӨЗҮН-ӨЗҮ ТАРБИЯЛООДО ЖАНА ИНСАНДЫ СОЦИАЛДАШУУ ЖАРАЯНЫНДАГЫ КӨЙГӨЙЛӨР

*Боркошев М.М., Орунбаев Т.А.*

# ПРОБЛЕМЫ В ПРОЦЕССЕ СОЦИАЛИЗАЦИИ И САМООБРАЗОВАНИЯ ЛИЧНОСТИ

*M. Borkoshev, T. Orunbaev*

# PROBLEMS IN THE PROCESS OF SELF-EDUCATION AND SOCIALIZATION OF THE PERSONALITY

*УДК: 796.011.3*

*Макалабызда өзүн-өзү тарбиялоодогу жана анын инсанды социалдаштыруудагы орду жөнүндө сөз болуп, инсанды социалдаштыруу жараянындагы коомдун милдеттери уктары кандай болоору айтылды. Социалдаштыруу жана өзөн-өзү тарбиялоо жөнүндө адабий булактардагы илимпоздордун изилдөөлөрү да такталып чыкты. Өзүн өркүндөтүүнүн негизги функциясы – бул социалдык топтун баалуулуктарын жана нормаларына болгон мамилелердин негизинде социалдашуу жана коомдук эрежеге болгон муктаждыкты ишке ашыруу, ошондой эле инсан өзү тандаган топтун нормаларыны жана баалуктарыны өз алдынча өздөштүрүү жана аткаруу. Азыркы социалдык коомдогу бизнесстердин криминалдашып кетип жатышы жана ушул коомдо социалдык эрежелердин нормалары сакталып калышы татаал. Макаланын жыйынтыгында корутунду катары өзүбүздүн изилдөөлөрдүн дагы берилди.*

***Негизги сөздөр:** өзүнө-өзү тарбиялоо, социалдаштыруу, эрежелер, коом, инсан, көйгөй, жараян, илимий иштер, өркүндөтүү.*

*В нашей статье обсуждается роль самообразования и роль общества в процессе социализации личности. Уточнены исследования ученых из литературных источников по социализации и самообразованию. Основная функция самосовершенствования – социализация, основанная на отношении к ценностям и нормам социальной группы и осознании потребности в социальных правилах, а также на собственном усвоении и реализации норм выбранной группы. В современном социальном обществе трудно криминализировать бизнес и соблюдать социальные нормы. Заключение статьи является выводом собственного исследования. По итогам статьи в качестве заключения было представлено собственное исследование.*

***Ключевые слова:** самообразование, социализация, правила, общество, личность, проблема, процесс, научная работа, совершенствование.*

*This article discusses the role of self-education and the role of society in the process of socialization of the individual. The research of scientists from literary sources on socialization and self-education has been clarified. The main function of self-improvement is socialization, based on an attitude towards the values and norms of a social group and an awareness of the need for social rules, as well as on one's own assimilation and implementation of the norms of the selected group. In a modern social society, it is difficult to criminalize business and comply with social norms. The conclusion of the article is the conclusion of our own research. As a result of the article, their own research was presented as a conclusion.*

***Key words:** self-education, socialization, rules, society, personality, problem, process, scientific work, improvement.*

Совет бийлигинин мезгилинде социалдашуу маселеси коомдун коомдогу уюмдар жардамы менен чечилген. Социалисттик коом түзүлгөндө баштап жамаат алдында бала үчүн жоопкерчилик негизги милдет катары болгон. Пионер жана комсомолдук уюмунун алдында инсанга жүрүш-туруштун белгилүү бир стилине баш ийүү милдеттендирилген. Наристе курактагы балдар октябряттардын уюмуна кирип өздөрүн коомдук жашоого тиешеси бар деп эсептешип, коомдун тартибине баш ийип эрежени сактоо менен коомдун бир бөлүгү экендигин билишкен. Патриоттуулук, гумандуулук жана жаратылышты сүйүүнүн мисалдарында тарбияланышкан.

Азыркы убакта социалдашуунун негизги каражаты өзүн-өзү тарбиялоо. Аны ар түрдүү социо-маданий жана билим берүү чөйрөлөрүнүн шартында жүргүзүүгө болот [8].

Бул тууралуу Г.Е. Здоровский, өзүн-өзү тарбиялоо, учурдагы билим берүү жараянынын талабы болуп калды. Өзүн-өзү тарбиялоонун маңызы – бул өз алдынча калыптанган адам өзүнүн билимин, жүрүм-турумун, коомдогу ордун жана коомго керектигин түшүнүү менен калыптандыруу. Бул көйгөй базар экономикасына өтүү шарттарында андан да чоң жаңыланууну талап кылат, анткени ал адамдын, интеллектуалдык, билим алуу потенциалын жаңы талапка ылайык келүүгө тарбиялайт.

Өзүнү өркүндөтүүнүн негизги субьекти, бул коомдук эрежелердин муктаждыгын канаатандырган жана социалдашкан инсан болуп саналат.

Өзүн өркүндөтүүнүн негизги функциясы-бул социалдык топтун баалуулуктарын жана нормаларына болгон мамилелердин негизинде социалдашуу жана коомдук эрежеге болгон муктаждыкты ишке ашыруу, ошондой эле инсан өзү тандаган топтун нормаларыны жана баалуктарыны өз алдынча өздөштүрүү жана аткаруу.

Өзүнү өркүндөтүү – инсанды социалдаштыруунун муктаждыгын канаатандырууга багытталаган, эркин тандоо менен мүнөздүү, ошондой эле инсандын маданияты, илим-билими, кесиптик деңгээлини көтөрүү, руханий муктаждыгын канааттандыруу үчүн аракеттелинген ишмердүүлүк. Социалдык-философия-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лык көз караште өзүнү өркүндөтүү, – инсанды социалдаштыруу шартында, пайда кылуучу, калыптандыруучу каражат болуп саналат. Өзүнү өркүндөтүү инсандын социалдашуу жана жекеленүү процесси менен тыгыз байланышта болгон өз ишмердүүлүгүн ишке ашыруучу иш аракет.

Социалдаштыруу коомдук жана жекече формада гана жүргүзүлүшү мүмкүн жана өзүн- өзү өркүндөтүү ишмердүүлүгү менен ишке ашырылат. Өзүн өркүндөтүүгө инсандын жеке муктаждыгына шайкеш, социалдаштырууну эркин тандоосу мөнөздүү.

Өзүн өркүндөтүү кеңири алып караганда укуктук, саясий-социалдык чечимдерди, аракеттерди, регламенттерди талап кылуучу социалдык камкордуктун, көнүл буруунун негизги каражаттары. Бул билим алуунун, кесиптик даярдыктын мүмкүнчүлүктөрүн тең укуктуулугун билдирет.

Өзүн өркүндүүтүнүн социалдык саясаты – группалардын жана өкүлдөрүн өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган мамлекетттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ишмердүүлүктөрү.

Г.Е. Здоровскийдин макаласында негизги көйгөй өзүн-өзү тарбиялоо ишмердүүлүгүн, типологиясынын, социалдык группаларын жана анын критерийлерин өзүн өркүндөөтүү деңгеелдерин окуп уйрөнүү.

Социалдык топтун багыттары – эркин, тандоо, жекеленүү деген түшүнүктөргө карама-каршы.

Кээ бир авторлор негизги көйгөй деп ар түрдүү муктаждыка, кызыкчылыка, тартибин өркүндөтүү ишмердүүлүктөрдүн мотивдерине багытталган группалар деп эсептешет.

Учурдагы төлөп билим алуу жеке инсандардын кесип тандоосуна чек коёт. Колуда барлар гана тандоого мумкунчулугу бар болуп. Коомдун криминалдаштырылып кеткен деген аналитиктердин ойлору боюнча жогорку билимди кримтналга жакын гана элдин катмары ала алат. Мындан социалдык группаларга карап, акы төлөп окуу мындан ары да коомдун криминалдаштырууга алып барат.

ЮНЕСКОнун мамлекет бардык формалдуу жана формалдуу эмес билим берүүнүн баардык деңгээлин жана тибин, билим алууга муктаж болгон, бирок каражаты жок бардык катмардагыларды каржылаш керек деген оюну тушунуу жана колдоо керек.

Жогоруда биз укуктук маданияттын социалдаштыруудагы зарылчылыгы жөнүндө айтканбыз, бирок коомдун цивилизациясынын көрсөткүчү укуктук акттар гана боло албайт, укук жүрүм турумду жөнгө сала албайт. Мисалы наркоманияны, проституцияны жоготуунун ордуна кайрадан ачыкка чыгарып, бюджетке официалдуу пайда келтириш керек деген ойлор айтылып келүүдө. Инсандын позитивдүү социалдашуусу цивилизациясы жогору деңгээлдеги гана коомдо болушу мүмкүн. Өзүн өркүндөтүү социалдык эркиндикти талап кылат.

Эгер адам жашап тиричилик кылыш үчүн 14-16 саат иштеш керек болсо, анда инсандын тез эле иштөө жөндөмдүүлүгү жоголуп. Инсандын кызыкчылыгына карабай, материалдык муктаждык боюнча тандалган ишмердүүлүк психиканы бузулуусуна алып келет.

**Корутунду.** Социалдаштыруу коомдук сапат болуп саналат, ал адам маданияттын негизги элементтери тарабынан кабыл алынуучу процесс: символдор, баалуулуктар, маанилер, ченемдер. Социалдаштыруу учурунда социалдык сапаттарды, иш-аракеттер, актылар, көндүмдөр, эрежелер шериктештиктин нормаларынын жана алардын социалдык өз ара аракеттенүү жөндөмүнө ээ болгон.

Адабияттардын талдоосу көрсөткөндөй, адамдарга татыктуу эмгек акы төлөп бергенге чейин, мамлекетте укуктук жана жарандык коом курууга мүмкүнчүлүктөр болбойт. Жакырчылыктан коомдун мүчөлөрү кошумча кирешени (көбүнчө мыйзамсыз) издешет.

Президенттин «Биз жарандык коомду курушубуз керек» деген сөз парадоксалдуу угулган. Бул түздөн-түз социалдашууга байланыштуу. Эгерде биз «Коомдун эмне болуп жатканына татыктуу көңүл бура албасак, анда бул жарандык согушка чакыруу катары алынат».

**Литература:**


1. Алымбаева Б.Б., Жумабаева Г.А. Укуктук тарбия боюнча айрым маселелер. Известия КАО, №4(32). - Б., 2014.
2. Алымбаева Б.Б. Нравственное воспитания этической культуры школьников // XXV Республиканское педагогическое чтение. – Декабрь, 2014.
3. Смирнов А.П. Быт и нравы киргизов. – СПб., 1897.
4. Здоровский Г.Е., Шуклина Е.А. Самообразование как социологическая проблема. // Социологические исследования. - Москва, 1997. - №10.
5. Кравченко А.И. Социология. Учебное пособие. - М., 1997.
6. Мурзаев М.С., Закиров А. Киргизская семья как объект исследования психологической науки. // Первая научно-теоретическая конференция молодых ученых. Тезисы докладов и сообщения ОшПИ. Советов молодых ученых. - Ош, 1989. - С. 59-60.
7. Парамонова С.П. Типы морального сознания молодежи. // Социологические исследования. - 1997. - №10.
8. Эшимбекова Н.С. Анализ этапов формирования национальной морали и принципов права (по произведениям Ч.Айтматова) // Права человека как национальная идея в Кыргызстане – Материалы круглого стола, посвященного году кыргызской государственности. - Б., 2003.
9. Рустамова Д.А. Социализация воспитанников детского дома. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2013. №. 8. С. 33-35

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Боркошев М.М., Толубаева А.Ж., Сүйүнова А.А.*

## КЫРГЫЗДЫН ЭЛДИК ОЮНДАРЫН БЛУМДУН ТАКСОНОМИЯСЫНА НЕГИЗДЕП ҮЙРӨТҮҮ *(«Ордо» оюнунун мисалында)*

*Боркошев М.М., Толубаева А.Ж., Суйунова А.А.*

## ОБУЧЕНИЕ КЫРГЫЗСКИМ НАРОДНЫМ ИГРАМ НА ОСНОВЕ ТАКСОНОМИИ БЛУМА *(на примере игры «Ордо»)*

*M. Borkoshev, A. Tolubaeva, A. Suyunova*

## TEACHING KYRGYZ FOLK GAMES BASED ON BLOOM'S TAXONOMY *(on the example of the game «Ordo»)*

*УДК: 796.011.3*

*Макалада Блумдун Таксономиясын кыргыздын улуттук «Ордо» оюнун үйрөтүүдө максаттарын, категорияларын пайдалануу жөнүндө сөз болот. Таксономияны ордо оюнун ар кайсыл үйрөнүү учурунда кантип спортчунун техникалык жана тактикалык абалын жана спортчунун оюнду анализдөө жана синтез жасай алышы оюнду жеңишке жеткирүү жолу экендигин аныктадык. Ар бир категорияда спортчунун жана машыктыруучунун кандай жыйынтыкка жеткендигин байкап, оюндун кырдаалын өзгөртө билүү зарыл экендиги зарыл. Бул макала окуучуларга же спортчуларга улуттук оюндарды машыктырып жаткан адам үчүн усулдук көмөк берет. Илимий иште берилген таблицада Блумдун таксономиясынын ар бир категориясы боюнча машыктыруучу кандай максаттарды алдына коюп жетүүсү боюнча мисалдар келтирилди.*

***Негизги сөздөр:*** *Блумдун таксономиясы, категориялар, максаттар, ордо, машыгуу, техника, тактика, кырдаал, улуттук оюндар, оюн кырдаалы.*

*В данной статье рассматривается использование целей и категорий Таксономии Блума в обучении кыргызской национальной игры «Ордо». Мы выяснили, что в разных этапах обучения в игре техническое и тактическое состояние спортсмена, его способность анализировать и синтезировать игру при помощи Таксономии Блума приводит спортсмена к победе. В каждой категории необходимо наблюдать за результатами спортсмена и тренера и иметь возможность изменить ситуацию в игре. Эта статья требует от человека, обучающего национальным играм учеников или спорсменов углубленного изучения. В нижеследующей таблице приведены примеры постановки целей и их достиженния тренером по каждой категории.*

***Ключевые слова:*** *таксономия Блума, категории, цели, Орда, обучение, техника, тактика, ситуация, национальные игры, игровая ситуация.*

*This article examines the use of the goals and categories of Bloom's Taxonomy in teaching the Kyrgyz national game «Ordo". We found that at different stages of learning to play the technical and tactical state of an athlete, his ability to analyze and synthesize the game using Bloom's Taxonomy leads the athlete to victory. In each category, it is necessary to observe the results of the athlete and the coach and be able to change the situation in the game. This article requires an in-depth study from a person teaching national games to students or athletes. The following table provides examples of goal setting and achievement by the trainer for each category.*

***Key words:*** *Bloom's taxonomy, categories, goals, Horde, training, technique, tactics, situation, national games, situation.*

Азыркы учурда билимди же болбосо көндүмдү өздөштүрүү деңгээлинин түрдүү таксономиясы колдонулууда. Таксономияны колдонгондо сын көз менен кароо керек. Себеби, бир эле тапшырма: өздөштүрүүсү жогору окуучу үчүн жеңил жана тез жүрөт, ал эми өздөштүрүүсү жай окуучу үчүн оор, акырындык менен жүрүшү мүмкүн. Акыркы учурларда дүйнөлүк маалымат каражаттарында байма-бай айтылып жаткан Блумдун таксономиясы деген түшүнүккө кенен токтололу.

Дүйнөнүн көп мамлекеттеринин билим берүү системасында практикаланып келе жаткан америкалык окутуунун методикасы боюнча психолог Бенджамин Блумдун жетекчилиги тарабынан иштелип чыккан окутуу максаттарынын таксономиясы коомчулукка кеңири тараганы баарыбызга маалым. Ал окуучунун, студенттин таанып билүү жана эмоционалдык чөйрөсүн баалоого багытталган.

Блумдун таксономиясында, окуучулардын таанып-билүү ишмердигинин мүнөзүнүн татаалдашуу даражасы боюнча, тигил же бул деңгээлдин мазмунун ачып бергендей, алты деңгээлге бөлүнгөн. Ар бир категория тигил же бул деңгээлдеги мазмунду ачып берген кичи категорияларга бөлүнөт. Илимий ишибизде кыргыздын элдик оюндарын бул таксономиянын негизинде кантип төмөндөн жогору карай, жөнөкөйдөн татаалга карай максатка жетүү мүмкүндүгүн ачып берели.

Ордо оюнун окутууда Блумдун таксономиясын сабактарда колдонуп төмөнкүдөй жыйынтыкка жетиштик.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



**Б.Блум боюнча таанып-билүү жаатындагы окуу максаттарынын категориясы**

| Окуу максаттарынын негизги категориялары | Ордо оюнун үйрөтүүдөгү максаттарынын жалпыланган мисалдары |
|---|---|
| **1. Билим**<br>Бул категория үйрөнүлгөн Ордо оюнун жана эрежелерин эсте тутуу жана кайра айтып берүүнү билдирет.<br>Оюндун мазмунун эрежедеги фактыларды бүтүндөй теория аркылуу колдонот.<br>Бул категориянын өзгөчө белгиси – оюнга тиешелүү маалыматтарды жана эрежесин толук эсте тутуу. | - Окуучу ордо оюну жөнүндө маалыматтарды жана эрежелерин билет;<br>- конкреттүү оюндун кырдаалдарын жана эрежелерин билет;<br>- үйрөтүү усулдарын жана оюндун убактысы, оюн талаасы жөнүндө билет;<br>- оюн жөнүндө негизги маалыматтарды билет;<br>- эрежелерди билет. |
| **1.Түшүнүү**<br>Оюн жөнүндөгү материалдарды, жана техникалык тактикалык үйрөнүү усулдарын кеңири пайдалана билүү, «ооз эки айтылган маалыматты оюнда пайдалануу, (мисалы, кара сөздөн оюн аракеттерине) «которуу» (трансляция), үйрөнүлгөндөрдүн маанисин түшүнүү жөндөмдүүлүктүн көрсөткүчү катары кызмат кыла алат.<br>Окуучунун оюндун мазмуунуна түшүндүрмө берүүсү (түшүндүрүү, кыскача баяндоо) же оюндун, же оюндагы бир көрүнүштүн андан аркы жүрүшү тууралуу божомолу (чабуул жэ контрчабуулдун кесепеттерин, натыйжаларын алдын-ала айтуу) да түшүнүүнүн көрсөткүчү катары эсептелет. Мындай натыйжалар оюндун мазмуунун жөнөкөй эсте тутуудан артыкчылык кылат. | - Оюндун техникалык аткаруу эрежелерин жана тактикасын түшүнөт;<br>- Оюндун эрежеси жана техникалык-тактикалык чеберчилигине түшүндүрмө берет;<br>- Кагазга түшүрүлгөн оюндун (чүкөлөрдүн жайгашуу) схемаларга түшүрүп,түшүндүрүп берүү;<br>- Кара сөз түрүндөгү ой материалын математикалык тилге которо алат;<br>- Колдо болгон маалыматтарга таянып, оюндун акырында күтүлүүчү натыйжаларды болжолдуу сүрөттөп берет. |
| **1.Колдонуу**<br>Үйрөнүлгөн материалдарды конкреттүү шарттарда жана жаңы кырдаалдарда колдоно билүү.<br>Эрежелерди, усулдарды, оюндун татаал абалдарын, техникалык ыктары, тактикасын, теориялык маалыматтарды оюнда колдонуу кирет.<br>Оюндагы ийгиликтин натыйжалары түшүнүүгө караганда, мааалыматты өздөштүрүүнүн жогорку деңгээлин талап кылат. | - Оюнду жана оюндун эрежелерин жаңы кырдаалдарда колдонот.<br>- Эрежелерди, теориялык маалыматтарды конкреттүү эки тараптуу оюндагы кырдаалдарда колдонот;<br>- Чабуул же оюндагы чечүүчү абалды туура колдонуусун көрсөтөт. |
| **Анализ.**<br>Оюнду даана жеңилүү же жеңүү абалдарын байкоо, чабуулдун ыктарын пландаштыруу жана ишке алыруу:<br>Толук оюнду бөлүктөргө бөлүп абалды аныктоо, оюнчулардын жөндөмүнө жараша өз ара байланыштарын аныктоо, толук мелдешти уюштурүунун жана жеңишке жетүүнүн тактикасын аңдап билүү. Мелдештин натыйжалары мындайда түшүнүүгө жана колдонууга караганда, кыйла жогору интеллектуалдык деңгээл менен мүнөздөлөт, анткени, ал мелдештин мазмунун, ошондой эле, анын тактикасын түзүлүшүн аңдап билүүнү талап кылат. | - Мелдештеги (айкын болбогон) болжолдорду бөлөт;<br>- Тактикалык ой жүгүртүү логикасындагы жаңылыштыктарды жана каталыктарды көрөт;<br>- Фактыларды жана натыйжаларды айырмалайт; маалыматтардын маанисин баалайт. |
| **Синтез.**<br>Жаңы сапатка ээ болгон, мелдеште ийгиликке жетүү үчүн тактикалык комбинацияларды колдонуу ыктары. Ошентип, жеңишке жетүү, тактикалык аракеттердин планы же жалпыланган командалык байланыштардын комбинациясы (мелдештеги абалдан туура жыйынтык чыгарып команданын аракетин жөнгө салуу) ушундай тактикалык көрүнүштү пайда кылат.<br>Мелдештин натыйжалары, жаңы техникалык жана тактикалык комбинацияларды түзүүгө басым жасап, спортчунун чыгармачыл мүнөзүн болжолдойт. | - Анча татаал эмес тактикалык абалдардан чыга алат;<br>- Мелдешти жүргүзүүнүн планын болжолдойт;<br>- Тигил же бул мелдештеги абалдан чыгуунун планын түзүү үчүн, түрдүү тармактардагы билимдерин пайдаланат. |
| **Баалоо.**<br>Конкреттүү мелдеш үчүн тигил же бул тактикалык ыкманын маанисин баалоо (ырастоолор, мелдештин жыйынтыгы, спортчулардын техникалык-тактикалык аракеттери). Спортчунун ой жүгүртүүсү ички (тактикалык, логикалык), ошондой эле, тышкы (белгиленген мелдештин максатына дал келиши) так критерийлерге негизденүүгө тийиш.<br>Критерийлер оюнчулар тарабынан же сырттан (мисалы, машыктыруучу) аныкталышы мүмкүн. Аталган категория мурунку бардык категориялар боюнча машыгуу жана мелдештин натыйжаларына, ага кошумча, ачык-айкын белгиленген критерийлер боюнча баалоочу ой жүгүртүүгө жетишүүнү болжолдойт. | - Жазма текст түрүндө мелдештин тактикасын, спортчунун жөндөмүнө жараша жайгаштыруунун логикасын баалайт;<br>- Корутундулардын колдо болгон маалыматтарга дал келиши;<br>- Ички критерийлерге таянып, мелдештин тигил же бул жыйынтыгын баалайт;<br>- Тышкы критерийлерге таянып, ишмердиктин тигил же бул жыйнтыгын баалайт. |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Блумдун таксономиясын колдонуу спорттун же болбосо элдик оюндарды үйрөтүүдө өзүнүн пайдалуулугу менен баалуу. Биринчи кезекте машыктыруучу өздөштүрүлүп жаткан категориялардын ортосундагы айырмачылыктарды даана көрө алат. Бул окутуунун жана мелдештин натыйжаларын так баалоого жардам берет. Экинчи катарда – окутуу жана мелдештин максаттарынын жалпыланган типтеринин мисалдары – аны кандай жасоого жол көрсөтүп берет, Анткени, сунуш кылынган максаттарды мелдештин ар бир тактикалык абалдарына конкреттештирүүгө жана мелдешти алдын-ала диагноз кылууга жеңил эле пайдаланса болот. Категориялардын жана максаттардын мазмунун кеңири берилиши машыктыруучуга деңгээлдик техникалык жана тактикалык тапшырмаларды түзүү боюнча иштерин жеңилдетет.

**Адабияттар:**


1. Алымбаева Б.Б. Нравственное воспитания этической культуры школьников // XXV республиканское педагогическое чтение. – Декабрь, 2014.
2. Баранников А.В. Содержание общего образования. Компетентностный подход. – М., 2002.
3. Зимняя И.А. Ключевые компетенции – новая парадигма результатов образования // Высшее образование сегодня. – №5. – 2003.
4. Зимняя И.А. Ключевые компетенции как результативная целевая основа компетентностного подхода в образовании – М., 2004.
5. Козырева В.А., Радионова Н.Ф. Компетентностный подход в педагогическом образовании. - СПб, 2004.
6. Алымбаева Б.Б., Жумабаева Г.А. Укуктук тарбия боюнча айрым маселелер. Известия КАО, №4(32). - Б., 2014.
7. Мурзаев М.С., Закиров А. Киргизская семья как объект исследования психологической науки. // Первая научно-теоретическая конференция молодых ученых. Тезисы докладов и сообщения ОшПИ. Советов молодых ученых. - Ош, 1989. - С. 59-60.
8. Парамонова С.П. Типы морального сознания молодежи. // Социологические исследования. - 1997. №10
9. Эшимбекова Н.С.Анализ этапов формирования национальной морали и принципов права (по произв. Ч.Айтматова) // Права человека как национальная идея в Кыргызстане – Материалы круглого стола, посвященного году кыргызской государственности. - Бишкек, 2003.
10. http://www.24.kg/spo...iya-premii.html
11. http://kmb3.[moderated]...luttuk-oyundar/
12. http://shookum.kg
13. Анарбаева Г.А. Историческое значение игр «Кан таламай» и «Упай» у кочевников. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 4. С. 51-53.
14. Айдаркулов К.А., Арзыбаев Т.К. Некоторые исторические данные в кыргызской национальной игре «Ордо». Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 4. С. 57-59.